КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2019-жылдын 30-декабры, № 718

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майындагы № 256 «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө» токтомуна 1-тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 496 «Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндө» токтомуна 2-тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 160 «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна 3-тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 30 декабря 2019 года № 718

### О внесении изменений в некоторые решения Правительства Кыргызской Республики в сфере высшего и среднего профессионального образования

В соответствии со статьей 5 Закона Кыргызской Республики «Об образовании», статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики», с целью совершенствования государственных образовательных стандартов среднего профессионального и высшего профессионального образования Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении положений, регулирующих прием абитуриентов в высшие учебные заведения Кыргызской Республики» от 27 мая 2011 года № 256 изменения согласно приложению 1.

2. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об установлении двухуровневой структуры высшего профессионального образования в Кыргызской Республике» от 23 августа 2011 года № 496 изменения согласно приложению 2.

3. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении актов, регулирующих деятельность образовательных организаций среднего профессионального образования Кыргызской Республики» от 28 марта 2018 года № 160 изменения согласно приложению 3.

4. Министерству образования и науки Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением.

5. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

Тиркеме

«

Кыргыз Республикасынын
кесиптик орто билим берүүсүнүн
мамлекеттик билим берүү
стандартынын макетине
тиркеме

**Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү**

| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү | | Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттердеги көлөмү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 жыл 10 ай | 2 жыл 6 ай | 2 жыл 10 ай | 3 жыл 6 ай | 3 жыл 10 ай |
| 1-блок | I. Жалпы гуманитардык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимий цикл<br>III. Кесиптик цикл | 70-100(*) | 90-130 | 110-155 (*) | 130-158 | 150-215 (*) |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан) | 3-5-семестрлер | 3-семестрлер | 3-6-семестрлер | 3-7-семестр-лер | 3-7-семестрлер |
| 2-блок | Практика | 15-40 (**) | 15-50 | 20-60 (**) | 20-70 (**) | 20-80 (**) |
| 3-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 |
| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү | | 120 | 150 | 180 | 210 | 240 |

Эскертүү:

(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Кесиптик цикл» окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат каралсын (7 кредит).

(**) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн «Практика» окуу циклинде 1200 академиялык саат каралсын (40 кредит).

».



Приложение

«

Приложение
к Макету Государственного
образовательного стандарта
среднего профессионального
образования
Кыргызской Республики

Структура
основной профессиональной образовательной программы среднего профессионального образования

| Структура основной образовательной программы среднего профессионального образования | | Объем основной образовательной программы и ее учебных циклов в кредитах | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 год 10 месяцев | 2 года 6 месяцев | 2 года 10 месяцев | 3 года 6 месяцев | 3 года 10 месяцев |
| Блок 1 | I. Общегуманитарный цикл<br>II. Математический и естественнонаучный цикл<br>III. Профессиональный цикл | 70-100(*) | 90-130 | 110-155 (*) | 130-158 | 150-215 (*) |
| | Физическая культура (по 2 часа в неделю в указанных семестрах) | 3-5 семестры | 3-6 семестры | 3-6 семестры | 3-7 семестры | 3-7 семестры |
| Блок 2 | Практика | 15-40 (**) | 15-50 | 20-60 (**) | 20-70 (**) | 20-80 (**) |
| Блок 3 | Итоговая государственная аттестация | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 | 5-10 |
| Объем основной образовательной программы среднего профессионального образования | | 120 | 150 | 180 | 210 | 240 |

Примечание:

(*) для образовательных организаций в сфере культуры и искусства в учебном цикле «Профессиональный цикл» предусмотреть дополнительно 210 академических часов (7 кредитов);

(**) для образовательных организаций в сфере культуры и искусства в учебном цикле «Практика» предусмотреть 1200 академических часов (40 кредитов).

».